Алай районунда ажайып бир кооз жер бар, анда өзгөчө калк жашайт, жергебиз дүйнөдөгү эң кооз табигаттуу аймак. Үч-Дөбө айылындагы көк мелжиген сулуу үч аска-зоо, эмнегедир башкача сезим, күч-кубат тартуулайт! Бала кезимден сүйгөн тоолорум-менин үч таянычым - Кудайым-Аллахым, Атам-апам, Бир туугандарым-Балдарым-канатым! Үч аскам - Билимим, Илимим, Акылым! Үч аркам Мекеним, Элим, Досторум!
Бүгүн Республикалык масштабда мектептерде, алардын катарында Токтомамат Жумабаев мектебинде да акыркы коңгуроо аземи, бүтүрүүчүлөрдүн майрамы, 20 жылдык бүтүрүүчүлөр жолугушуусу өттү. Салтка айланган сыйлоо баракчалары менен акчалай сыйлыктарды окуунун, коомдук иштердин алдыңкыларына Т. Жумабаевдин үй бүлөсүнүн атынан тапшыруу бактысы туш келип, кубаныч менен барып келдим! “50 жылда эл жаңы”,-демекчи окуучулардын көбүн эсе фамилясына карап божомолдоого туура келди. Жумабаев дегендер көбөйүшүптүр, бирок башкалар…
Мотурайган 1-класс балдарын көрүп, биз да ушундай кичине болдук беле деп (?), “жок” биз өзүбүз эле чоңоюп алганбыз дегендей болдум…Ак жол силерге бүтүрүүчүлөр, максатыңар бийик, жетишүүгө күчүңөр мол болсун!









